**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

# БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XI СЕССИЯСЫНЫН

## ТОКТОМ №14

**10-октябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

Багыш айыл өкмөтүнө караштуу Октябрь айылынын
Б.Калдыбаев көчөсүндөгү идентификациялык 3-05-09-1005-1882
сандуу номери менен катталган 0,08 гектар жер
аянтты муниципалдык менчикке алуу жөнүндө

Кыргыз республикасынын “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” мыйзамын, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 02-октябрындагы 01-26/2128 сандуу “Багыш айыл аймагындагы Октябрь айылында жайгашкан Б.Калдыбаев көчөсүндөгү муниципалдык менчиктеги Т. Тайгараев атындагы эс алуу паркынын территориясынан жеке менчикке берилип кеткен идентификациялык 3-05-09-1005-1882 сандуу номери менен Орозбаев Азамат Орозбаевичке соода алдындагы катталган жер аянтын Т.Тайгараев атындагы эс алуу паркынын териториясына кошууга муниципалдык менчикке алууга макулдук берүү жөнүндөгү” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын протоколдук чечимин угуп жана талкуулап Багыш айылдык кеңешинин кезексиз XI сессиясы токтом кылат:

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылынын Б.Калдыбаев көчөсүндөгү идентификациялык 3-05-09-1005-1882 сандуу номери менен катталган 0,08 гектар жер аянтты муниципалдык менчикке кабыл алууга макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү Багыш айылдык кеңешинин Агрардык саясат, өзгөчө кырдаалдар, экология, курулуш, архитектура жана коммуникациялар боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Ж.Сейдахматовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**